DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Жумали кызы Н., Жусупов Б.А.*

**КОЛЛИЗИЯЛЫК НОРМАЛАРДЫН ТҮШҮНҮГҮ**

*Жумали кызы Н., Жусупов Б.А.*

**ПОНЯТИЕ КОЛЛИЗИОННЫХ НОРМ**

*Jumali kyzy N., B. Zhusupov*

**THE CONCEPT OF COLLISION NORMS**

*УДК: 341.9*

*Макалада коллизиялык нормалардын эл аралык жана улуттук мыйзам актыларындагы укуктук табияты маани маңызы түзүмдүк өзгөчөлүктөрү, алардын классификациялоо критерийлери талданган. Изилдөөнүн максаты укук илиминдеги коллизиялык нормалардын түшүнүк аппаратары жана анын укуктук табияты, тактап айтканда түзүмдүк элементтерин классификациялоо негиздерин талдоо саналат. Изилдөөнүн жүргүзүү процессинде жалпы жана атайын илимий усулдар пайдаланылды. Ошону менен бирдикте формалдуу-логикалык, грамматикалык усулдар дагы колдонулду. Изилдөөнүн натыйжасында коллизиялык нормалардын түшүнүк аппараты жалпыланып, анын классификациялык негиздери, укуктук практикада колдонуу өзгөчөлүктөрү талданып, ага мүнөздүү болгон жалпылыктар жана айрымачылыктар аныкталды. Изилдөөнүн жыйынтыктары теориялык-укуктук изилдөөлөрдө, окуу процесстеринде, усулдук жактан иштемелерде колдонулушу мүмкүн.*

***Негизги сөздөр:** коллизия, коллизиялык нормалар, мыйзам, кагылышуу, эл аралык норма, улуттук мыйзам актылары, келишим, контракт.*

*В статье анализируется правовая природа коллизионных норм в международном и национальном законодательствах, сущность структурных признаков, критерии их классификации. Цель исследования – проанализировать понятийный аппарат коллизионных норм в юриспруденции и его правовую природу, в частности, структурные элементы, основания для классификации. В процессе исследования использовались общие и специальные научные методы. А также использовались формально-логические и грамматические приемы. В результате исследования обобщается понятийный аппарат коллизионных норм, анализируются основания их классификации, особенности применения в юридической практике, выявляются общие черты и различия. Результаты исследования могут быть использованы в теоретико-правовых исследованиях, образовательных процессах, методических разработках.*

***Ключевые слова:** коллизия, коллизионные нормы, право, коллизия, международная норма, национальное законодательство, договор, контракт.*

*The article analyzes the legal nature of conflict rules in international and national legislation, the essence of structural features, and the criteria for their classification. The purpose of the study is to analyze the conceptual apparatus of conflict rules in jurisprudence and its legal nature, in particular, the structural elements, the basis for classification. In the process of research, general and special scientific methods were used. And also used formal-logical and grammatical techniques. As a result of the study, the conceptual apparatus of conflict norms is generalized, the grounds for their classification, features of their application in legal practice are analyzed, common features and differences are revealed. The results of the study can be used in theoretical and legal research, educational processes, and methodological developments.*

***Key words:** conflict, conflict rules, law, conflict, international norm, national legislation, agreement, contract.*

Коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салуу учурдагы кандай гана мамлекеттин болбосун ишмердүүлүгүнүн негизин түзөт. Айрыкча укуктук мамлекеттин шарттарында укуктук жөнгө салуу социалдык маанилүү норма катары келип чыгууда.

Учурдагы коомдук мамилелердин чөйрөсү, түзүмү бир катар татаалдык менен коштолгондугу турмуштук чындык. Коомдук мамилелер өзү учурдагы татаал кубулуш катары таанылууда. Коомдук мамилелерди адекваттуу укуктук жөнгө салуу учурдун актуалдуу суроолорунун бири катары саналат.

Айрыкча бир коомдун өнүгүүнүн тибинен экинчи коомдук экономикалык формацияга өткөндө коомдук мамилелердин маани маңызы түп тамырынан бери өзгөрөт. Бул нерсеге мисал катары пландуу социалисттик экономикадан базар экономикасына өтүү процессин айтууга болот.

Мындай жагдайлар коомдук мамилелерди учурдун талабына жараша жөнгө салуу милдетин алдыга коет. Коомдук мамилелердин чөйрөсү бир канча кеңейип татаалдашат. Айрыкча мүлктүк аны менен байланышкан мүлктүк эмес мамилелерди жөнгө салуу мамлекеттин бир катар укуктун тармактары боюнча тийиштүү ченемдерди кабыл алууга шарттайт.

Учурдагы укуктук чындык көрсөткөндөй коомдук мамилелерди жөнгө салуучу ченемдердин көлөмү ири массаны түзүп, анын тиешелүү бөлүктөрүн толуктап, карама каршы келгендерин жоюуп, же болбосо ченемдик актынын күчүн жоготуу талабын коет.

Кыргызстандагы акыркы жылдары бир катар олуттуу укуктук реформалар жасалгандыгына карабастан, коомдук мамилелерди жетиштүү деңгээлде укуктук жактан жөнгө салуу мүмкүн болбой жаткандыгын турмуштук практика көрсөтүүдө.

Коомдук мамилелерди укуктук жактан жөнгө салууда коллизиялык ченемдер көр экендиги кээ бир илимий изилдөөлөрдө байма бай айтылып келүүдө. Бул көйгөйдү чечүү учурдагы юридикалык илимдин актуалдуу суроолорунун бири катары таанууга болот.

Ошону менен бирдикте укуктук жөнгө салууда коллизиялык нормалардын орун алышы бир катары шарттар менен дагы мүнөздөлөт аларга;

– коомдук мамилелердин туруктуу калыптана электиги анын динамикалык кыймылдуу болушу;

– тийиштүү жөнгө салуучу ченемдердин мониторинги, ревизиясы толук кандуу жүргүзүлбөгөндүгү;

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



– тийиштүү актылардын өз убагында жокко чыгарылбагандыгы;

– негизги мыйзамдын улам тез-тез өзгөрүү толуктоолорго дуушар болушу;

– мыйзам чыгаруу жана ченем жаратуучулук ишмердүүлүгүндө башка ченемдерге дал келүүчүлүгүн толук кандуу текшерилбегендиги;

– ченем жаратуучулук техникасынын деңгээлинин төмөндүгүн айтууга болот.

Юридикалык практикада коллизиялык нормалар байма-бай кездешип турат.

Коллизиялык нормалар өз-ара бири-бирине каршы келген нормалар деп айтууга болот. Ошону менен бирдикте укуктук жөнгө салууда аналогия (окшоштук) деген категория дагы орун алган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 60-беренесине ылайык жоопкерчиликти белгилөөчү жазык мыйзамы аналогия боюнча колдонулбайт. Бул өз кезегинде окшош мыйзамдарга жол бербесе дагы коллизиялык бирдей шарттардагы жөнгө салууну четке кагат [1].

Юридикалык сөздүктөрдө коллизиялык нормалар жарандык, үй-бүлөлүк, эмгек, эл аралык мамилелеринде же ички укуктук мамилелерде кайсыл мамлекеттин укугу колдонулаарын көрсөтөт. Коллизиялык нормалар эл аралык укук менен улуттук мыйзам актыларынын чечүүнүн принциптерин орнотушу мүмкүн. Эл аралык укуктук коллизиялык нормалар абстрактуу эрежелерди камтыйт [2, 23-б.].

Коллизия (collisio) латын тилинен которгондо карама каршы көз караштардын, умтулуулардын, кызыкчылыктардын кагылшуусу.

Изилдөөчү О.А. Рузакова «мыйзамдардын кагылышуусун эскертүү менен өзүнүн максатталышын өзүнө таандык ыкма менен чечмелейт. Алар укуктук мамилелерге катышуучу жактардын укук жана милдеттерин жөнгө түздөн түз салбайт, ал укуктук колдонууну аныктайт [3, 178-б.].

Бул максат коллизиялык нормалар аркылуу белгиленген критерийлердин негизинде тийиштүү укуктук орнотот» деген көз караштı карманат. Биз дагы бул көз карашка кошулабыз.

Укуктун коллизиясы – объективдүү пайда болуучу кубулуш, ал эки себеп менен пайда болот; чет элдик элементтин граждандык укуктук мамилелердеги эл аралык ара кандай мамлекеттердин ушул укуктук мамилелер менен байланышы бар [4, 34-б.].

Демек, коллизиялык нормалардын орун алышы укуктун мыйзам ченемдүү мүнөздөмөсү катары кароого болот. Карама-каршылыктын диалектикалык философиялык түшүнүгү коомдук процесстердин биримдиктин жана карама-каршылыктын күрөшү катары келип чыгат.

Белгилүү окумуштуу теоретик В.В. Нерсесянцтын айтуусу боюнча көптөгөн кылымдардын аралыгында укук жүнүндө көз караштарды окумуштуулар укуктук объектилерди карама каршылыктардын контексинде карашкан. Позитивдүү укук ар дайым табийгый укукка карама-каршы коюлуп Гегел өзүнүн «укуктун философиясы» деген эмгегинде баяндалган [5, 234-б.].

Коллизиялык нормалар укуктук нормалардын арасында пайда болушу менен мүнөздөлөт.

Эгерде тийиштүү укуктук норма болбосо анда коллизиялык норма дагы орун албайт. Экинчи өзгөчөлүгү болуп укуктук нормаларда укуктук жөнгө салууга багытталган эки, же бир канча нормаларды жөнгө салат.

Р.Ф. Ярмухамедовдун ою боюнча коллизиялык нормалар автономдуу белгилерге ээ болгон эки же андан көп нормалардын кагылышуусун аныктап, өзүнүн көлөмүнө ээ айрымачылык жана карама каршылык формасына ээ болгон аны чечүүгө багытталган чаралардын комплекси саналат [6, 14-б.].

Демек коллизиялык нормалар улуттук мыйзам актылары менен эл аралык ченемдердин арасындагы карама-каршылык деп айтууга болот. Ошону менен бирге коллизиялык нормалар ички улуттук мыйзамактыларында да кездешет.

Ички карама каршылыктарды кандайдыр бир деңгээлде Кыргыз Республикасынын “ченемдик актылар жөнүндө” мыйзамы аркылуу чечмеленет. Бирок айта кетүү орундуу бул мыйзамдагы чечмелөө негизинен ченемдик актынын юридикалык күчүнө, же болбосо коомдук мамилелерди жөнгө салуудагы атайын мыйзамдын артыкчылыгы аркылуу каралат.

Мындан тышкары коллизиялык нормаларды укуктук жөнгө салуу предметине ылайык башкача айтканда укуктун тармактарына таандык кылууга болот.

Укуктагы коллизиялар укуктук кубулуштарды үч тегиздикте кароо керек, укуктук түшүнүүдө, -объективдүү укукта жана юридикалык практикада [7, 214-б.].

Коллизиялык нормалардын укуктук табияты бир канча татаал түзүлүштөрдөн турары ачык. Аны классификациялоодо бир катар критерийлер боюнча жандашышат. Коллизиялык нормалар;

- мыйзам чыгаруучунун эркине жараша;
- коллизиялык байламта формасына жараша;
- нормативдик конкретизациялоо деңгээлине жараша.

Белгилей кетүү керек укуктук жөнгө салуу масштабына жараша ички улуттук жана сырткы эл аралык мамилелерди жөнгө салуучу коллизиялык нормалар деп бөлүп кароого болот.

Мыйзам чыгаруучунун эркине жараша коллизиялык нормалар императивдик, альтернативдик жана диспозитивдик болуп бөлүнөт.

Диспозитивдик коллизиялык нормаларда бир гана коллизиялык байламта болот. Императивдик кол-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



лизиялык нормаларда – мыйзам чыгаруучунун конкреттүү мамлекеттин укугун колдонуу боюнча бийлик үстөмдүгү аркылуу эрки чагылдырылат.

Императивдик коллизиялык нормалар мыйзам актыларын жактардын соттун өз ара тандап алуусун жоко чыгарат. Мыйзам чыгаруучу так кайсыл норма конкреттүү укуктук мамилелерди жөнгө салынышын аныктайт. Ал коллизиялык байламтасына жараша эл аралык жана улуттук норма болушу мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 7-беренесине ылайык [8]. "Эгерде Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде үй-бүлө мыйзамдарында каралгандан башка эрежелер белгиленсе, анда эл аралык келишимдин эрежелери колдонулат".

Альтернативалык коллизиялык нормалар бир канча коллизиялык байламталар менен коштолот. Альтернативдүү коллизиялык нормаларды сот тарабынан кайсыл укукту колдонуусун аныктайт. Бирок жактарга аныктоого укук берилбейт. Альтернативдик коллизиялык нормалар экиге болот.

Жөнөкөй альтернативдик нормалар бул же тигил укукту колдонуу мүмкүнчүлүгүн берет. Тандоо иштин жагдайларына жана соттун кароосуна көз каранды. Татаал альтернативалык коллизиялык нормалар эки коллизиялык байламтага ээ болушат негизги жана субсидиардык.

Негизги коллизиялык байламта биринчи кезекте колдонулат, ал эми альтернативдүү байламта иштин конкреттүү жагдайларына жараша колдонулат.

Диспозитивдик коллизиялык нормалар негизги коллизиялык байламта катары жактардын эркинин автономиялуулугуна карайт. Бул коллизиялык нормалардын бекилиши мыйзамда «эгер келишимде башка жагдай каралбаса», «эгер жактар өз ара башка нерсени шарттaшпаса», «жактар тарабынан тандап алынган укук» сыяктуу формада бекилет.

Азыркы учурда айрыкча эл аралык укукта диспозитивдик коллизиялык нормалар бир канча кеңири таралуу тенденциясы байкалууда.

Бир канча көптөгөн диспозитивдүү коллизиялык эрежелер пайда болду. Аларга жактардын өз ара тандоосу боюнча укук колдонуу, келишимге мүнөздүү болгон тандоо укугу, контрактын өздүк укугу, мамилелердин маңызын аныктоочу мыйзам, өз ара жыш байланыш критерийи жана башкалар.

Учурда көптөгөн мамилелерде жеке укуктук чет элдик байланыштарды жөнгө салат. Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодексинин 163-беренесине ылайык чет өлкөлүк жаран менен никеге турууда «Бир нече чет мамлекеттин жарандыгы бар адамга ошол адамдын тандап алуусу менен ошол мамлекеттердин бирөөсүнүн мыйзамдары колдонулат» [8]. Бул коллизиялык нормалардын диспизитивдик түрүнө дал келет.

Демек, коллизиялык нормалар бир канча негиздерге жараша классификацияланат. Алардын табияты объективдүү жана субъективдүү критерийлерге негизделет.

Субъективдүү негиздерге мыйзам чыгаруучунун эрки, тараптардын эркинин автономдуулугу;

Объективдүү критерийлерге мыйзамдын маңызы, контрактын мыйзамы, келишим түзүлгөн жер, тараптардын жарандуулугу жана башкалар.

Ал эми коллизиялык байламталар эки критерийде да колдонулушу мүмкүн.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2021-жылдын 11-апрелинде Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган. (Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы №59 Мыйзамы менен күчүнө киргизилген).
2. Большой юридический словарь. Автор: Сухарев А.Я., Крутских В.Е., Сухарева А.Я. - М.: Инфра-М, 2003. - С. 23.
3. Рузаков О.А. Международное частное право. - М., 2005. - С.178.
4. Богуславский М. Международное право. / Учебник. - М.: Юрист, 2005. - С. 34.
5. Нерсесянц В.С. Философия права. / Учебник для вузов. - М., 2000. - С. 234.
6. Ярмухамедов Р.Ф. Коллизии правоприменительной деятельности (теоретико-исторический аспект). / Автореферат диссертации на соиск. уч. ст. кандидата юридических наук. - Краснодар, 2007. - С. 14.
7. Экономика и право: словарь-справочник. Кураков Л.П., Кураков В.Л., Кураков А.Л. - М., 2004. - С. 214.
8. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси 2003-жылдын 30-августу №201 2020-жылдын, 17-августундагы №135 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык).
9. Туратбекова Ч.А. Коллизионные нормы в законах и подзаконных актах Кыргызской Республики. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2015. №. 11. С. 68-70